**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ**
**ТОҢ РАЙОНУ**

**УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТОНСКИЙ РАЙОН**

**УЛАХОЛЬСКИЙ АЙЫЛЬНЫЙ КЕНЕШ**

---

ДЕПУТАТТАРДЫН УЛАХОЛ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН
IX ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН III СЕССИЯСЫНЫН
№ 17 - Т О К Т О М У
31-январь 2025-жыл

" Кызыл Саз" участогундагы №25 контурда жайгашкан 15,39 га жер аянтын Тон райондук суу чарба башкармалыгына акысыз ижарага берүүгө макулдук берүү жөнүндө.

---

Айыл Өкмөтүнүн айыл чарба, жерге жайгаштыруу боюнча башкы адиси К. Соконовдун маалыматын жана айыл чарба, жер, жайыт жана муниципалдык менчик маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын корутундусун угуп жана талкуулап, Улахол айылдык Кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. Оттук айылындагы " Кызыл Саз" участогундагы №25 контурда жайгашкан 15,39 га жер аянтын Тон райондук суу чарба башкармалыгына коругун коруп, көчөттөрдү тигип жашылдандыргандыгына байланыштуу акысыз ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2. " Кызыл Саз" участогундагы №25 контурда жайгашкан 15,39 га жер аянтын Тон райондук суу чарба башкармалыгына акысыз ижарага берүүгө макулдук берүү боюнча иш кагаздарын бүтүрүү айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Улахол айылдык Кеңешинин 2025-жылдын 31-январындагы № 17 - токтомун Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү, ченемдик укуктук актылардын реестрине кошуу үчүн Юстиция министрлигинин Ысык-Көл областтык бөлүмүнө жөнөтүү жагы Улахол айылдык кеңешинин жооптуу катчысы И.Жээнтаевге милдеттендирилсин.

4. Ушул токтомду көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

**Төрага** **К.Бейшеев**